| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | **Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги<br>С.Нааматова атындагы Нарын мамлекеттик университети<br>Чет тилдери жана компьютердик системаларды программалоо колледжи** | | | **СМС<br>ЖЖ 2.09-2025** |
| | **Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы** | | | |
| | ***Чыгарылышы 2*** | ***Өзгөрүү 1*** | ***Экземпляр № 1*** | ***Барак 1/6*** |

**БЕКИТЕМИН**
**Чет тилдери жана компьютердик**
**системаларды программалоо колледжинин**
**директору**
**_____________ Б.М. Осмонова**
**«1» 10 2025-ж.**

# САПАТ МЕНЕДЖМЕНТ СИСТЕМАСЫ

## Чет тилдери жана компьютердик системаларды программалоо колледжинин бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө ЖОБО

**СБС ЖЖ 2.09-2025**
**2-чыгарылыш**

**Нарын- 2025**

# КИРИШ СӨЗ

1. Бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө жобо Нарын мамлекеттик университетинин С. Нааматов атындагы «Чет тилдери жана компьютердик системаларды программалоо» колледжинин (ИЯПКС) мамлекеттик аттестациялык комиссияларынын ишин жана негизги функцияларын аныктаган негизги документ болуп саналат.
2. Бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо боюнча жетекчилик Нарын мамлекеттик университетинин С. Нааматов атындагы «Чет тилдери жана компьютердик системаларды программалоо» колледжинин окуу методикалык кеңеши тарабынан иштелип чыккан.
3. Жетекчилик ЧКСП колледжинин Педагогикалык кеңешинин “7” 10 2022-ж. өткөрүлгөн жыйынында каралып, жактырылган протокол № 2 жана директордун № 20-8/69а “3” 09 2022-ж. буйругунун негизинде ишке киргизилген.
4. Сапат боюнча жетекчилик ISO 9001:2015 стандартынын талаптарына жооп берет.
5. Бул документ НМУнун ЧКСП колледжинин жетекчилигинин уруксатысыз үчүнчү жактарга берилүүгө, көчүрүлүүгө жана басма түрүндө кайра чыгарылууга жол берилбейт.

**1. Жалпы маалымат**

**1.2.** Ушул жобо Кыргыз Республикасындагы орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2025-жылдын 10-июнундагы №329 токтому менен бекитилген орто кесиптик билим берүү уюму жөнүндө жобого ылайык иштелип чыккан.

**1.3.** Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо колледжде түзүлгөн мамлекеттик аттестациялык комиссиялар тарабынан төмөнкү адистиктер боюнча жүргүзүлөт:

- ✓ **230111** «Компьютердик системаларда программалоо»
- ✓ **050303** «Чет тили»
- ✓ **100105** «Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу»
- ✓ **050720** «Котормочулук иши»
- ✓ **230701** «Колдонмо информатика» (тармактар боюнча)

**1.4.** Мамлекеттик аттестациялык комиссиялардын негизги функциялары:

- ✓ бүтүрүүчүнүн даярдык деңгээлин комплекстүү баалоо жана анын билиминин мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына шайкештигин аныктоо;
- ✓ жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын жыйынтыктары боюнча квалификацияны ыйгаруу жана бүтүрүүчүгө тиешелүү орто кесиптик билим жөнүндө дипломду берүү маселесин чечүү;
- ✓ кесиптик орто билим берүү адистиктери боюнча бүтүрүүчүлөрдүн даярдыгын өркүндөтүү боюнча сунуштарды берүү.

**1.5.** Мамлекеттик аттестациялык комиссиялар өз ишмердүүлүгүндө ушул Жобо менен, ошондой эле мамлекеттик билим берүү стандартынын бүтүрүүчүлөрдүн даярдыгынын мазмунунун минималдуу деңгээли жана сапаты боюнча мамлекеттик талаптарына ылайык колледжде иштелип чыккан окуу-усулдук документтер менен жетекчилик кылышат.

**2. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын курамы**

**2.1.** Бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо **милдеттүү** болуп саналат жана төмөнкү аттестациялык сыноолордун биринен же бир нечесинен турат:

- ✓ өзүнчө дисциплина боюнча жыйынтыктоочу экзамен;
- ✓ адистик боюнча жыйынтыктоочу междисциплинардык экзамен;
- ✓ мамлекеттик стандарттын талабына ылайык киргизилген бүтүрүү квалификациялык ишин коргоо.

Өзүнчө дисциплина боюнча жыйынтыктоочу экзамен студенттин окуу программасында каралган материалды өздөштүрүү деңгээлин аныктоого жана мамлекеттик стандарт менен белгиленген ушул дисциплинанын минималдуу мазмунун толук камтууга тийиш.

Адистик боюнча жыйынтыктоочу междисциплинардык экзамен өзүнчө дисциплиналардын мазмунуна коюлган талаптар менен катар адистик боюнча мамлекеттик билим берүү стандарты белгилеген бүтүрүүчүнүн жалпы компетенциялык талаптарын да эске алууга тийиш.

Мамлекеттик стандарттын талабына ылайык киргизилген бүтүрүү квалификациялык ишин коргоо мамлекеттик стандарт менен белгиленген компетенцияларды камтуу менен

жыйынтыктоочу квалификациялык иштерди жазууга методикалык сунуштама, жыйынтыктоочу аттестациянын программасы окуу методикалык кеңешме тарабынан иштелип чыгып, студенттерге сунушталуу керек.

**2.2.** Бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоонун курамына кирген аттестациялык сыноолордун көлөмү жана түрлөрү орто кесиптик билим берүү адистиктери боюнча мамлекеттик билим берүү стандарты менен аныкталат. Жыйынтыктоочу аттестациянын курамына кирген аттестациялык сыноолор студенттин учурдагы көзөмөл же аралык аттестациянын натыйжалары менен алмаштырылбайт.

**2.3.** Бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоонун программасы колледждин негизги кесиптик билим берүү программасынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

**2.4.** Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын программасында мамлекеттик адистик талаптарына ылайык төмөнкүлөр аныкталат:

- ✓ жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын түрү;
- ✓ жыйынтыктоочу аттестацияга даярдануу жана аны өткөрүү үчүн убакыттын көлөмү;
- ✓ жыйынтыктоочу аттестациянын өткөрүлүү мөөнөттөрү;
- ✓ зарыл болгон экзаменациялык материалдар;
- ✓ жыйынтыктоочу аттестацияга даярдануунун жана өткөрүүнүн шарттары жана тартиби;
- ✓ жыйынтыктоочу аттестациянын өткөрүү формалары;
- ✓ бүтүрүүчүнүн даярдык децгээлин жана сапатын баалоо критерийлери.

**2.5.** Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын программасы жыл сайын ушул адистик боюнча чыгаруучу предметтик-циклдик комиссиянын мүчөлөрү тарабынан иштелип чыгып, окуу методикалык кеңештин жыйынында каралгандан кийин колледждин окуу иштери боюнча директордун орун басары тарабынан бекитилет.

**2.6.** Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын программасы студенттерге жыйынтыктоочу аттестация башталаардан кеминде алты ай мурда маалымдалат. Жыйынтыктоочу аттестацияга негизги кесиптик билим берүү программасынын талаптарын аткарган жана жумушчу окуу планына ылайык каралган бардык аралык аттестациялардан ийгиликтүү өткөн студенттерге гана жол берилет.

**2.7.** Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын өткөрүлүү мөөнөттөрү колледж тарабынан бекитилген жумушчу окуу планына ылайык аныкталат.

**2.8.** Экзаменациялык материалдар бүтүрүүчүлөрдүн текшерилүүчү теориялык билимдеринин жана практикалык көндүмдөрүнүн көлөмүн Мамлекеттик талаптарга жана колледж тарабынан коюлган кошумча талаптарга ылайык толук чагылдырышы керек.

**2.9.** Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүүнүн шарттары жана тартиби анын түрүнө жараша аныкталат. Бардык түрдөгү жыйынтыктоочу аттестацияны өткөрүүнүн жалпы шарты болуп мамлекеттик аттестациялык комиссиянын уюштурулушу жана иши эсептелет.

**3. Мамлекеттик аттестациялык комиссиялардын түзүлүшү жана ишин уюштуруу**

**3.1.** Мамлекеттик аттестациялык комиссия колледж тарабынан ишке ашырылган орто кесиптик билим берүүнүн ар бир негизги билим берүү программасы боюнча түзүлөт.

**3.2.** Мамлекеттик аттестациялык комиссияны (МАК) анын төрагасы жетектейт. Төрага комиссиянын ишин уюштурат жана көзөмөлдөйт, бүтүрүүчүлөргө коюлган талаптардын бирдей болушун камсыздайт. МАК төрагасы болуп колледждин кызматкери дайындай албайт.
**3.3.** Ар бир адистик боюнча МАК төрагасынын жана комиссия мүчөлөрүнүн кандидатурасы тиешелүү мамлекеттик орган менен макулдашылып, Нарын мамлекеттик университетинин академиялык иштер боюнча проектору тарабынан бекитилет. Мамлекеттик аттестациялык комиссиялар белгиленген график боюнча иш алып барышат.
**3.4.** Мамлекеттик аттестациялык комиссия колледждин окутуучуларынан түзүлөт. Комиссиянын курамына башка окуу жайлардын окутуучулары, ишканалардын жана уюмдардын адистери сыяктуу сырттан чакырылган адистер да киргизилиши мүмкүн. Комиссиянын мүчөлөрүнүн саны **4 адамдан кем болбоого тийиш.** МАКтын жооптуу катчысы директор тарабынан колледж кызматкерлеринин арасынан дайындалат.
**3.5.** Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын иши төмөнкү документтердин негизинде жүргүзүлөт:

- ✓ Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 22-майындагы N 258 токтомуна ылайык Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү уюмдарынын бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө жобого;
- ✓ С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин №496/1 13-май 2025-ж. Уставына;
- ✓ Колледждин Жобосуна;
- ✓ Ушул Жобо.

Бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоонун графиги колледж директору тарабынан бекитилип, мамлекеттик аттестациялык комиссия ишин баштаганга чейин **эки жума мурда** студенттерге маалымдалат.
**3.6.** Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын жыйынына төмөнкү документтер сунушталат:

- ✓ бүтүрүүчүлөрдүн даярдыгынын мазмунунун минимумуна жана деңгээлине коюлган мамлекеттик талаптар жана колледждин кошумча талаптары;
- ✓ жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын программасы;
- ✓ студенттерди жыйынтыктоочу аттестацияга кабыл алуу жөнүндө колледж директорунун буйругу;
- ✓ студенттердин окуу мезгилинде алган жетишкендиктери жөнүндө маалымат;
- ✓ МАК жыйындарынын протоколдор китеби.

**3.7.** МАК жыйындары протоколдук тартипте жүргүзүлөт. Протоколдорго төрага, бардык мүчөлөр жана катчы кол коёт.
Протоколдор жип менен бекитилген, номерленген барактар менен жүргүзүлөт. Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын протоколдор китеби колледждин архивинде белгиленген мөөнөттө сакталат.

**4. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону өткөрүү тартиби**

**4.1.** Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын курамына кирген аттестациялык сыноолордун формасы жана өткөрүү шарттары колледж тарабынан аныкталат жана жыйынтыктоочу аттестация башталаардан **кеминде алты ай мурда** студенттерге маалымдалат.

Студенттер экзамендик программалар менен камсыздалат, аларга консультациялар өткөрүү жана даярданууга зарыл шарттарды түзүлөт.

**4.2.** Адистик боюнча жыйынтыктоочу междисциплинардык экзаменге **окуунун толук курсун аяктаган** жана окуу планында каралган талаптарды аткарган студенттер гана **киргизилет.**

4.3. Жыйынтыктоочу экзаменди тапшыруу жана бүтүрүүчү квалификациялык ишти коргоо аттестациялык комиссиясынын курамынын үчтөн экисинен кем эмесинин катышуусу менен ачык жыйналышында өткөрүлөт.

4.6. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоого киргизилген мамлекеттик аттестациялык сынактардын натыйжалары белгиленген баллдык система боюнча "эң жакшы", "жакшы", "канааттандырарлык", "канааттандырарлык эмес" деген бааларга которуу менен бааланат жана комиссиянын жыйналыштарынын протоколдору белгиленген тартипте таризделгенден кийин ошол эле күнү жарыяланат.

Студенттердин Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоодо жетишүүсүн баалоо колледж тарабынан төмөнкү шкала боюнча баллдарды баага же тескерисинче которуу механизми аныктайт (таблица 1).

Таблица 1.

| Баллдар | Тамгалык система боюнча баалоо | Сандык эквивалент | Баа |
|---|---|---|---|
| 93-100 | A | 4,00 | Эң жакшы |
| 90-92,99 | A– | 3,67 | |
| 87-89,99 | B+ | 3,33 | Жакшы |
| 83-86,99 | B | 3,00 | |
| 80-82,99 | B– | 2,67 | |
| 77-79,99 | C+ | 2,33 | Канааттандырарлык |
| 73-76,99 | C | 2,00 | |
| 70-72,99 | C– | 1,67 | |
| 67-69,99 | D+ | 1,33 | |
| 63-66,99 | D | 1,00 | |
| 60-62,99 | D– | 0,67 | |
| 00-59,99 | F | 0,00 | Канааттандырарлык эмес |

4.7. Мамлекеттик аттестациялык комиссияларынын чечимдери жабык жыйналыштарда комиссия мүчөлөрүнүн жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Добуштардын саны бирдей болгондо төраганын добушу чечүүчү болуп саналат.

4.8. Колледждин бүтүрүүчүсүнө тиешелүү квалификацияны ыйгаруу жана ага кесиптик орто билими жөнүндө документти берүү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоого киргизилген аттестациялык сынактардын бардык белгиленген түрлөрүн ийгиликтүү өткөн шартта ишке ашырылат.

4.9. Бардык экзамендерди "эң жакшы", "жакшы" деген баага тапшырган жана окутуунун бардык мезгилинде орточо баллы (GPA - Grade Point Average) 3,75тен төмөн эмес болгон, ошондой эле бардык мамлекеттик аттестациялык сынактарды тапшырган жана бүтүрүүчү квалификациялык ишти "эң жакшы" деген баага коргогон бүтүрүүчүгө артыкчылык менен диплом берилет. Жалпы окуу мезгилиндеги бүтүрүүчүнүн орточо баллы дипломдун тиркемесинде көрсөтүлөт.

4.10. Жүйөлүү себептер менен (медициналык көрсөткүчтөр, үй-бүлөлүк шарттар, документ менен ырасталган) жыйынтыктоочу аттестациялык сыноолордон өтпөгөн бүтүрүүчүлөргө колледжден чыгарбастан, жыйынтыктоочу аттестациялык сыноолордон өтүүгө мүмкүнчүлүк берилүүгө тийиш.

4.11. Мамлекеттик аттестациялык комиссияларынын кошумча жыйналыштары колледж тарабынан белгиленген тартипте уюштурулат.

4.12. Жыйынтыктоочу аттестациялык сыноолордон өтпөгөн бүтүрүүчүлөр жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны кайрадан тапшырууга үч айдан эрте эмес жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоодон биринчи жолу өткөндөн кийин беш жылдан кечиктирилбестен киргизилет. Оң бааны жогорулатуу максатында жыйынтыктоочу аттестациялык сыноолорду кайра тапшырууга жол берилбейт.

4.13. Бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоонун натыйжалары колледждин педагогикалык кеңешинин жыйналышында мамлекеттик аттестациялык комиссияларынын төрагаларынын жазуу жүзүндөгү отчетторунун негизинде угулат. Протоколдор жана мамлекеттик аттестациялык комиссияларынын ишинин отчеттору архивде сакталат. Мамлекеттик аттестациялык комиссияларынын отчеттору адистерди кесиптик даярдоонун сапатын өркүндөтүү боюнча сунуштамалар берилет.

**5. Мамлекеттик комплекстүү аттестацияны өткөрүү мөөнөтү жана тартиби**

**5.1.** «Кыргызстандын тарыхы», «Кыргыз тили жана адабияты», «Кыргызстандын географиясы» дисциплиналарын өздөштүргөн студенттердин мамлекеттик аттестациясы **оффлайн форматында компьютердик тестирлөө** түрүндө өткөрүлөт.

**5.2.** Мамлекеттик аттестациялык комиссияны буйрук менен бекитилген Төрага жетектейт. Төрага комиссиянын ишин уюштурат жана көзөмөлдөйт, экзамен учурунда талаптардын бирдей болуусун камсыз кылат. Комплекстүү мамлекеттик аттестациялык комиссиясы колледждин окутуучуларынан түзүлөт. Комиссиянын курамына башка окуу жайлардын окутуучулары, өндүрүш жана уюмдардын профиль боюнча адистери да киргизилиши мүмкүн. Комиссиянын курамы колледж директорунун рапорту менен сунушталып, С.Нааматов

атындагы НМУнун академиялык иштери боюнча проектору тарабынан бекитилет. Комиссиянын саны **4 адамдан кем болбоого тийиш.**
Комплекстүү мамлекеттик аттестациялык комиссиянын жооптуу катчысы директор тарабынан колледж кызматкерлеринин арасынан дайындалат. Бир эле адам мамлекеттик аттестациялык комиссиянын төрагасы болуп **эки жыл катары менен** дайындала албайт.
«Кыргызстандын тарыхы», «Кыргыз тили жана адабияты», «Кыргызстандын географиясы» дисциплиналары боюнча мамлекеттик аттестация **милдеттүү** болуп саналат жана **кыргыз жана орус тилдеринде** өткөрүлөт.

**5.3.** Мамлекеттик аттестацияны өткөрүү тартиби жана экзамен программасы мамлекеттик аттестация башталаардан **кеминде алты ай мурда** бардык окуу формаларынын студенттерине маалымдалат.

**5.4.** Мамлекеттик аттестацияга **академиялык жана финансылык карызы жок** студенттер гана **киргизүүгө уруксаат алышат**. Студенттерди мамлекеттик аттестациялык сыноолорго киргизүү жөнүндө буйругу чыккан студенттердин тизмеси комиссиянын иши башталаар алдында комплекстүү мамлекеттик аттестациялык комиссияга берилет.

**5.5.** Мамлекеттик экзамен тапшыруу учурунда электр энергиясы же интернет байланышы үзгүлтүккө учураган болсо студентке **кошумча убакыт** берилет.

**5.6.** Компьютердик тесттеги суроолордун саны окуу планындагы кредиттерге ылайык аныкталат:

- ✓ «Кыргызстандын географиясы» — **20 суроо**;
- ✓ «Кыргызстандын тарыхы» — **40 суроо**;
- ✓ «Кыргыз тили жана адабияты» — **80 суроо**.

Компьютердик тесттин жалпы узактыгы — **2 саат 30 мүнөт**, төмөнкүдөй бөлүштүрүлөт:

- ✓ «Кыргызстандын географиясы» — **20 мүнөт**;
- ✓ «Кыргызстандын тарыхы» — **40 мүнөт**;
- ✓ «Кыргыз тили жана адабияты» — **80 мүнөт**.

Мамлекеттик комплекстүү аттестация колледжде уюштурулган **графикке** ылайык өткөрүлөт.
Ар бир мамлекеттик аттестациялык сыноонун жыйынтыгы төмөнкү баалар менен бааланат:
**«эң жакшы», «жакшы», «канааттандырарлык» жана «канааттандырарлык эмес».**

**5.6.** Жүйөлүү себептер боюнча (медициналык көрсөтмөлөр, үй-бүлөлүк жагдайлар жана башка документ түрүндө тастыкталган себептер) жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга катышпай калган студенттерге колледжден чыгарылбастан, аттестациялык сыноолорду кайра тапшырууга мүмкүнчүлүк берилет.

**5.7.** «Канааттандырарлык эмес» баа алган бүтүрүүчүлөр жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны кайра тапшырууга алгачкы жолу мамлекеттик аттестациялык сыноодон өткөн күндөн тартып үч айдан эрте эмес, беш жылдан кеч эмес мөөнөттө **кайра тапшырууга** уруксат берилет.

5.8. Канааттандырарлык жана андан жогору бааны жогорулатуу максатында тесттен өтүү жана кайра тапшырууга **жол берилбейт**. Комиссия жыйындарынын протоколдору белгиленген тартипте расмий түрдө толтурулат.

**5.9.** «Кыргызстандын тарыхы», «Кыргыз тили жана адабияты», «Кыргызстандын географиясы» дисциплиналары боюнча жыйынтыктоочу тестирлөөнү уюштуруу жана өткөрүү окуу иштери боюнча директордун орун басары жана бул дисциплиналарды окуткан предметтик мугалимдер тарабынан жүргүзүлөт.

Окуу иштери боюнча директордун орун басары:

- ✓ тестирлөөнү уюштуруу жана анын жүрүшүн көзөмөлдөөнү камсыздайт;
- ✓ тестирлөөнүн жыйынтыктарын анализдеп, студенттерди даярдоону өркүндөтүү боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгат;
- ✓ тестирлөө жыйынтыктарын талдап жана жалпылап, аларды Педагогикалык кеңешке кароого чыгарат.

Циклдык комиссиянын жетекчиси:

- ✓ тесттик материалдарды мамлекеттик стандарттардын талаптарына ылайык иштеп чыгуусун камсыздайт;
- ✓ студенттерге даярдык үчүн үлгүлүк тесттик тапшырмаларды жана консультацияларды бекитилген график менен уюштурат;
- ✓ тесттик материалдарды жыл сайын карап чыгып, зарыл учурда жаңыртып турат.

**Тесттик тапшырмаларды түзүүдө төмөнкүлөр эсепке алынат:**

- ✓ **Локалдуу коз карандысыздык:** ар бир тапшырманы аткаруу башка тапшырмалардын жыйынтыгына же башка иш формаларына көз каранды болбошу керек;
- ✓ **Тактык жана жөнөкөйлүк:** тесттик тапшырмалар мүмкүн болушунча кыска, ашыкча сөздөрсүз, так жана бир маанилүү болушу керек; туура жоопко түздөн-түз шыкак берген белгилер болбошу зарыл; терс конструкциялардан качуу зарыл;
- ✓ **Кабылдоого ылайыктуу оордук деңгээли:**
  - бардык студенттер жеңил аткарган тапшырмалар өтө жеңил деп эсептелип, кайра каралууга тийиш;
  - эч ким же студенттердин басымдуу бөлүгү аткара албаган тапшырмалар өтө оор деп эсептелип, кайра каралууга тийиш;
  - оптималдуу оордук деңгээли төмөнкүдөй болот:<br>*20–25% — жеңил тапшырмалар,*<br>*20–25% — оор тапшырмалар,*<br>*калганы — орточо деңгээлдеги тапшырмалар;*
  - башкатырмалар жана логикалык табышмактар тестте **колдонулбайт**;
- ✓ **Маалымат булактарына шайкештик:** студент колдонуучу окуу материалдарына дал келүүсү зарыл;
- ✓ **Терминдердин тактыгы жана түшүнүктүүлүгү:** бардык студенттер үчүн бирдей түшүнүктүү терминдер жана белгилөө ыкмалары колдонулат;
- ✓ Тапшырма жана жооптор грамматикалык жана логикалык жактан туура түзүлгөн болушу керек;
- ✓ Ачык эле туура эмес же мааниси жок жооптор болбошу керек;
- ✓ **Тесттердин тексти эки тилде: кыргыз жана орус тилдеринде** берилиши зарыл;

- ✓ Тапшырмалардын сандык катышы белгиленген коэффициентке ылайык түзүлөт, бул тесттердин татаалдык деңгээлин бирдей кармоону камсыз кылат.

**6. Мамлекеттик комплекстүү аттестациялоо сыноолордун жыйынтыктары боюнча апеляциялык комиссия**

6.1. Студент мамлекеттик аттестациялык сыноонун өткөрүү тартиби бузулган деп эсептесе же анын жыйынтыктарына макул болбосо, апелляциялык комиссияга арыз берүүгө укуктуу.

6.2. Тесттик тапшырмаларды баалоодо бирдиктүү талаптарды сактоо жана талаштуу маселелерди чечүү, ошондой эле студенттин укуктарын коргоо максатында колледжде апелляциялык комиссия түзүлөт. Апелляциялык комиссиянын курамына көз карандысыз эксперттер киргизилет. Көзкарандысыз эксперттер катары НМУнун өкүлдөрү жана башка колледждердин тарых мугалимдери катыша алышат.

6.3. Апелляция берүү үчүн арыз студентке тесттин жыйынтыгы жарыяланган күндөн тартып **бир сутка ичинде** кабыл алынат. Апелляциялык комиссия арызды **арыз ээсинин** катышуусу менен бир күндүн ичинде карайт.

6.4. Апелляцияны кароо **кайра тапшыруу болуп эсептелбейт**. Апелляция учурунда тест тапшырмаларынын баасынын тууралыгы гана текшерилет.